Айдыңы арткан «Алтынкен»

Улуу муунга болгон урмат – адамдык баалуулуктун бийик үлгүсү



Бул багыттагы салттуу иш-чаралар быйыл да улантылды. 2026-жылдын 1-октябрында «Алтынкен» компаниясынын өкүлдөрү Башкармалыктын төрагасынын орун басары Азамат Алиев жана техникалык директор Ван Хунцзюнь баштаган топ менен Кемин шаарында жайгашкан «Луч солнца» карылар үйүнө барып, мекеме тургундарын Эл аралык улгайган адамдардын күнү менен куттукташты.

Компаниянын өкүлдөрү карылар үйүнүн жашоочуларына белектерин тапшырып, аларга бекем ден соолук, узун өмүр, токчулук жана бакубат жашоо каалашты. Жылуу маанайда өткөн жолугушууда улуу муундун өкүлдөрү менен баарлашып, алардын ал-абалынан кабар алышты.

Өз кезегинде мамлекеттик администрация башчысынын орун басары Айгүл Абдымуталиповна Жумалиева, социалдык мекеменин директору Татьяна Синюк, ошондой эле карылар үйүнүн тургундары «Алтынкен» компаниясына ыраазычылыктарын билдиришти. Алар компаниянын бул мекемеде жашаган улгайган адамдарга дайыма көңүл буруп, камкордук көрсөтүп келе жатканын өзгөчө белгилешти.

Улуу муунга болгон урмат бир күндүк иш-чара менен гана чектелбейт.





Ошол эле күнү «Алтынкен» компаниясынын өкүлү Азамат Алиев Кемин районунун Кызыл-Байрак айылында жашаган, быйыл 106 жашка чыккан узак өмүрлүү Талканбаева Белек ападан кабар алды.

Компания тарабынан 106 жаштагы энеге атайын белектер тапшырылды. Ага 50 килограмм ун, 10 литр өсүмдүк майы, торт, гүлдесте жана 5 миң сом акчалай жардам берилди. Компаниянын өкүлдөрү кадырлуу энеге чың ден соолук, узун өмүр, үй-бүлөлүк бакыт жана аманчылык каалап, ак батасын алышты.

Мындан тышкары, Кемин районунда жашаган дагы эки узак өмүр сүргөн апага – Кароол-Дөбө айылынын тургуну Амуралиева Жакшылыкка жана Орловка шаарынын тургуну Марина Ева Кирилловнага да ушундай эле белектер тапшырылды. Быйыл алардын экөө тең 100 жашка толгон.



Мындай камкордук- улуу муундун эмгегин баалоонун жана аларга болгон терең урмат-сыйдын айкын көрүнүшү. Өмүрүнүн көп жылдарын коомдун өнүгүшүнө, үй-бүлөсүнүн бакубаттыгына жана жаш муунду тарбиялоого арнаган адамдарга көңүл буруу – жалпы коомдун маанилүү милдеттеринин бири.

Белгилей кетсек, улгайган адамдарга кам көрүү «Алтынкен» компаниясынын жергиликтүү коомчулук менен жүргүзүп келе жаткан көп кырдуу социалдык ишинин артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Компаниянын мындай демилгелери улуу муунга колдоо көрсөтүү менен катар, коомдо өз ара урмат-сыйды, боорукерликти жана муундар ортосундагы байланышты бекемдөөгө багытталган.

Элибизде «Улууга урмат, кичүүгө ызаат» деген терең маанилүү сөз бар. Улуу муунга жасалган ар бир жакшылык – алардын басып өткөн жолуна, эмгегине жана турмуштук тажрыйбасына болгон сый-урматтын белгиси. «Алтынкен» компаниясынын мындай иш-аракеттери дал ушул асыл наркты сактоого жана кийинки муундарга үлгү болууга багытталган.



«Алтынкен»: жергиликтүү коомчулукка колдоо – туруктуу өнөктөштүктүн негизги багыты





Кемин районунун Чым-Коргон айыл өкмөтүнө караштуу Борду айылында ички жолдорду оңдоп-түзөө жана ирээтке келтирүү иштери жүргүзүлдү. Жолдордун абалын жакшыртуу демилгеси жергиликтүү депутаттар тарабынан көтөрүлүп, айыл эли үчүн маанилүү болгон бул ишти ишке ашырууга «Алтынкен» компаниясы да өз салымын кошту.

Айыл ичиндеги жолдорду тегиздеп, оңдоо үчүн атайын техниканын зарылдыгы жаралган. Бирок айыл өкмөтүндө тиешелүү жол техникасынын жоктугуна байланыштуу Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы Руслан Бодбаев «Алтынкен» компаниясынын жетекчилигине кайрылып, ички жолдорду тегиздөө үчүн атайын техника-грейдер бөлүп берүүнү өтүнгөн.

Жергиликтүү коомчулуктун муктаждыгына кайдыгер карабаган «Алтынкен» компаниясы бул өтүнүчтү колдоп, керектүү техниканы бөлүп берди. Компаниянын грейдери оператор Алтынбек Тажымамбетовдун башкаруусунда эки жумуш күнүнүн ичинде Борду айылынын ички жолдорунда тиешелүү иштерди аткарып, жолдорду тегиздеп, жүрүүгө ыңгайлуу абалга келтирди.

Аталган иштердин жыйынтыгында айылдын ички жолдорунун абалы кыйла жакшырды. Өзгөчө жаан-чачындуу мезгилдерде жана күнүмдүк каттамда тургундар үчүн ыңгайсыздык жараткан айрым көйгөйлөрдү чечүүгө бул иштердин мааниси чоң болду.

Жол оңдоо иштери аяктагандан кийин Чым-Коргон айыл өкмөтүнүн башчысы Руслан Бодбаев, депутат Таалай Төлөгөнов жана айыл башчысы Кеңешбек уулу Кундузбек аткарылган иштердин жыйынтыгын белгилеп, жергиликтүү тургундарга көрсөтүлгөн жардам үчүн компаниянын жетекчилигине жана грейдердин оператору Алтынбек Тажымамбетовго ыраазычылыктарын билдиришти.

Айыл эли үчүн ички жолдордун оңдолуп, тегизделиши – күнүмдүк турмушта чоң мааниге ээ болгон иштердин бири. Анткени жолдун жакшы абалы калктын эркин каттамын камсыз кылуу менен катар, социалдык объектилерге жетүүнү жеңилдетип, айылдын инфраструктурасын жакшыртууга өбөлгө түзөт.

Белгилей кетсек, «Алтынкен» компаниясы Кемин районунун жергиликтүү коомчулугу менен өз ара кызматташтыкты бекемдөөгө өзгөчө көңүл буруп келет. Компаниянын колдоосу социалдык жана инфраструктуралык багыттагы демилгелерди ишке ашырууга көмөк көрсөтүп, жергиликтүү тургундардын муктаждыктарын чечүүгө багытталууда.

Компания мындан ары да өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүнүн алкагында Кемин районунун жашоочуларына колдоо көрсөтүп, жергиликтүү инфраструктураны өнүктүрүүгө жана коомчулук менен конструктивдүү кызматташтыкты чыңдоого салым кошууну улантат.

Мындай өз ара түшүнүшүү жана өнөктөштүк – аймактардын туруктуу өнүгүүсүнө шарт түзгөн маанилүү факторлордун бири. «Алтынкен» компаниясынын жергиликтүү демилгелерди колдоосу ишкана менен коомчулуктун ортосундагы ишенимди бекемдөөгө багытталган социалдык жоопкерчиликтин маанилүү көрүнүшү болуп саналат.

Жыпара ЖЭЭНАЛИЕВА, «Кыргыз Туусу»



